Федералдык мамлекеттик автономдуу жогорку билим берүү «Томск мамлекеттик улуттук изилдөө университети» билим берүүчү мекемеси, мындан ары ТМУ, анын өкүлү болуп эсептелген (атынан чыккан) ректор профессор Эдуард Владимирович Галажинский, Орусия, Томск, Ленин проспектиси, 36, 634050

**менен**

КР ТИМ К.Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясы, мындан ары КР ТИМ ДА, анын өкүлү болуп эсептелген (атынан чыккан) ректор профессор Нурлан Ташмурзаевич Айтмурзаев, Кыргызстан, Бишкек, Эркиндик проспекти, 36, 720040

чогуу «Тараптар», өзүнчө «Тарап» деп аталып

# БИРГЕЛЕШКЕН МАГИСТЕРДИК ПРОГРАММА ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУ түзүштү

**Киришүү**

Томск мамлекеттик улуттук изилдөө университети менен КР ТИМ К.Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясынын ортосунда 2016-жылдын 23-мартында кол коюлган илим жана билим берүү жаатында кызматташуу жөнүндө Келишимдин алкагында эки диплом алууга жол ачкан магистратуранын биргелешкен билим берүү программасын уюштуруу тартибин орнотуу жөнүндө Тараптар ушул Макулдашууну түзүштү.

Тараптар биргелешкен билим берүү программанын академиялык уюштурулушу эки өлкөнүн улуттук мыйзамдарына шайкеш келүүсүнө макулдугун билдиришет.

Ушул Макулдашууну түзгөн Тараптар бул билим берүү программасынан пайда жана киреше көрүүнү көздөшпөйт. Түзүлгөн келишимден түшкөн кирешелер ушул Макулдашууну жүзөгө ашырууга сарпталган чыгымдарды толуктоого жана билим берүүнү өнүктүрүүгө жумшалат.

## 1-берене
## Макулдашуунун максаты

Ушул Макулдашуу ТМУнун «41.04.05. Эл аралык мамилелер» («Евразиялык интерграция» магистердик программасы) багыты боюнча магистратуранын КР ТИМ ДАсында «530800 Эл аралык мамилелер» («Тышкы саясат» магистердик программасы) багыты боюнча окуу курсун өтө турган студенттерине жана КР ТИМ ДАсында «530800 Эл аралык мамилелер» («Тышкы саясат» магистердик программасы) багыты боюнча магистратуранын ТМУда «41.04.05. Эл аралык мамилелер» («Евразиялык интерграция» магистердик программасы) багыты боюнча окуу курсун өтө турган студенттерине тиешелүү. Төмөндө көрсөтүлгөн шарттарды аткарган учурда, бул студенттер окуунун аягында:

- КР ТИМ ДАсынын «530800 Эл аралык мамилелер» багыты боюнча КР мамлекеттик үлгүсүндөгү магистрдин академиялык даражасы дипломун;
- ТМУнун «41.04.05.Эл аралык мамилелер» багыты боюнча ОФ мамлекеттик үлгүсүндөгү магистрдин академиялык даражасы дипломун алышат.

## 2-берене
## Окутуу Программасы

Биргелешкен магистердик программанын алкагында окуу мөөнөтү 2 жылды түзөт, анын ичинен 1 жыл студент ТМУда, 1 жыл КР ТИМ ДАда окуйт.

Тараптар биргелешкен магистердик программаны 1-тиркемеде көрсөтүлгөн бириктирилген окуу планына ылайык ишке ашырууга макулдугун билдиришет. Катышуучу-жождордо студенттердин өтүлгөн курстардан алган бааларынын көрсөтүлгөн тизмегинин жыйынтыктарын тастыктаган маалымдама-каттын негизинде Тараптар макулдашуу менен бирге биргелешкен программаны иш жүзүнө ашырышат. Бириктирилген окуу планы Тараптардын кат түрүндө берген өз ара макулдугу менен гана өзгөртүлүшү мүмкүн. Өзгөртүүлөр, студенттердин кызыкчылыктарында кабыл алынган учурлардан тышкары, биргелешкен магистердик программага катышкан студенттерге тиешеси жок болушу керек.

Окутуу тили – англис жана орус тилдери.

Студенттер окутуп жаткан жождо кодонулуп жаткан окутуу жана аттестациялоо тартибин сакташы керек. Магистранттардын билими жана компетенциясы ар бир жождо кабыл алынган баалоо системасына ылайык бааланат. Тараптар 2-тиркемеде көрсөтүлгөн академиялык бааларды которуу шкаласына ылайык башка катышуучу-жождо алган натыйжаларды эсепке алууга милдеттенишет.

КР ТИМ ДА өткөргөн жана бириктирилген окуу планында каралган жыйынтыктоочу дисциплиналар аралык сынак аралыктан окутуу технологияларын колдонуу менен кабыл алынса болот.

Ар бир Тарап алгылыктуу мөөнөттө тиешелүү диплом берүүгө милдеттенет.

**3-берене**
**Студенттерди тандоо**

Студенттерди тандоону ар бир Тарап улуттук мыйзамдарга ылайык жүргүзөт. Биргелешкен магистердик программага катышууга талапкерлер бакалавр же адис дипломуна ээ болуп, англис жана орус тилдерин өз алдынча билүү деңгээлинде билүүсү зарыл( абитуриент өтө татаал эмес турмуш жана илимий темаларды түшүнүп, сүйлөшө алышы керек). Кирүү сынактарынын алкагында ТМУ абитуриенттерди орус жана англис тилдерин билүүсүн тастыктоо максатында тилдик тесттөө жүргүзөт. Кирүү сынактарын аралыктан окутуу технологиялрын колдонуу менен жүргүзсө болот.

**4-берене**
**Магистердик диссертация**

Магистердик диссертациянын темасы биринчи окуу жылынын 1-семестринде аныкталат. Ар бир Тарап илимий кош жетектөөчүнү дайындайт. Магистердик диссертацияны жазуу жана коргоо орус жана англис тилдеринде жүргүзүлөт.

КР ТИМ ДАда магистердик диссертацияны коргоо КР ТИМ ДА менен ТМУнун биргелешкен комиссиясы алдында аралыктан окутуу технологияларын колдонуу менен жүргүзүлөт. Комиссиянын курамын Тараптар эки мекемеде кабыл алынган талаптарга жана практикага ылайык түзүшөт.

**5-берене**
**Биргелешкен программаны каржылоо**

Тараптардын окууга акы төлөтүү саясаты улуттук мыйзамдар менен аныкталат. Тараптар окууга акы төлөө жаатында иштеп жаткан ченемдер жөнүндө бири-бирине маалымат берип турууга милдеттенишет.

Тараптар студенттердин окуусун каржылоо үчүн бюджеттик жана бюджеттик эмес кошумча каражаттарды тартууга умтулушат.

## 6-берене
## Социалдык адаптация

ТМУ студенттик жатакандан орун берүү жоопкерчилигин өзүнө алат. Ар жылы орундардын саны эки тараптын макулдашуусу менен берилет. Жатаканага акыны студенттер ТМУда каралган тарифтерге ылайык өздөрү төлөшөт.

Калган башка чыгымдарды (транспорттук, макулдашууга катышуучу-жождун жатаканасынан тышкары жашоого, сөзсүз медициналык камсыздоого ж.б.) студент өз каржаттарынан төлөйт.

Өнөктөш-жожго окууга келген студеттер сөзсүз өнөктөш-жождун өлкөсүнүн аймагында колдонулуп жаткан кошумча медициналык камсыздоону алууга тийиш.

## 7-берене
## Окутуучулардын жана илимий кызматкерлердин мобилдүүлүгү

Тараптар илимий-изилдөө иштерди жүргүзүүгө жана биргелешкен магистердик программанын курстарын берүүгө катыштыруу үчүн окутуучулар жана илимий кызматкерлер менен алмашып турууга көмөктөшүүгө милдеттенишет.

## 8-берене
## Биргелешкен программага жоопкерчилик

Ушул биргелешкен магистердик программага жооптуулар:
- ТМУда: тарых факультетинин доценти С.М.Юн.
- КР ТИМ ДАсында: эл аралык мамилелер жана укук кафедрасынын башчысы, профессор А.Э.Джоробекова.

Тараптар жоопту жактардын алмашылышы жөнүндө маалымат берүүгө милдеттенишет.

## 9- берене
## Макулдашуунун күчүнө кирүүсү жана иштөө мөөнөтү

Ушул Макулдашуу кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет жана 4 жыл күчүндө болот. Эгерде Тараптардын бири дагы кат түрүндө каршылыгын билдирбесе, анда Макулдашуу автоматтуу түрдө дагы 4 жылга узартылат. Тараптардын бири бир жыл мурун ушул Макулдашуудан чыгуу жөнүндө кат түрүндө башка Тарапка билдирип, келишимди токтотууга укуктуу. Ушул Макулдашууга киргизилген кандай болбосун өзгөртүүлөрдү киргизүү же Макулдашууну токтотуу биргелешкен магистердик программага катышып жаткан студенттерге зыян алып келбеши керек.

Ушул Макулдашуу кыргыз жана орус тилдеринде түзүлдү, ар бир тилде эки нускадан жана баары бирдей юридикалык күчкө ээ.

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын<br>Министрлигинин<br>Казы Дикамбаев атындагы<br>Дипломатиялык академиясы | Федералдык мамлекеттик автономдуу<br>Тышкы иштер жогорку билим берүүчү<br>«Томск мамлекеттик улуттук изилдөө<br>университети» билим берүүчү мекемеси |
| Кыргыз Республикасы<br>720040, Бишкек ш.<br>Эркиндик пр. 36<br>тел. (996-312) 66-01-85<br>факс (996-312) 66-01-85 | Орусия Федерациясы<br>634050, Томск ш.<br>Ленин пр. 36<br>тел. (3822) 52-98-52<br>факс (3822) 52-95-85 |
| Ректор__________ Н.Т.Айтмурзаев<br>Бишкек ш., «30» __06__ 2016-ж. | Ректор__________ Э.В.Галажинский<br>Томск ш., «30» __06__ 2016-ж. |

1-тиркеме

## Биргелешкен магистердик программасынын бириктирилген окуу планы

ТМУ, даярдоо багыты «41.04.05 Эл аралык мамилелер»,
магистердик программасы «Евразиялык интеграция»

КР ТИМ ДА, даярдоо багыты «530880 Эл аралык мамилелер»,
магистердик программасы «Тышкы саясат»

| ТМУ | | КР ТИМ ДА | |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| **Дисциплинанын аталышы** | **ОФ зачеттук бирдиктери** | **КР кредиттери** | **Дисциплинанын аталышы** |
| **1-семестр ТМУ** | | | |
| Мегатренддер жана глобалдуу көйгөйлөр (*) | 4 | 2 | Мегатренддер жана глобалдуу көйгөйлөр |
| Англис тили (*) | 3 | 2 | Негизги чет тили |
| Эл аралык кырдаалдарды талдоо (*) | 2 | 2 | Эл аралык мамилелер боюнча илимий дискурстун методологиясы |
| Эл аралык тутумдун саясий көйгөйлөрү (*) | 2 | 3 | Дүйнөлүк саясаттын жана эл аралык мамилелердин учурдагы көйгөйлөрү |
| Эл аралык-саясий изилдөөлөрдүн методдору(*) | 2 | 3 | Илимдин философиясы. Дүйнөлүк саясатты жана эл аралык мамилелерди изилдөөнүн методологиясы жана тарыхы |
| Евразиялык интеграциянын тарыхы жана ЕАЭСтин калыптануусу(*) | 3 | 3 | Борбор Азия/КМШда интеграциялык жараяндар |
| ЕАЭСтин укугу (*) | 4 | 4 | ЕАЭСтин укугу |
| Институттар жана ЕАЭСте чеимдерди кабыл алылуу жараяны (*) | 3 | 3 | Институттар жана ЕАЭСте чеимдерди кабыл алылуу жараяны |
| Илимий-изилдөөчүлүк иш (*) | 7 | 8 | Илимий-изилдөөчүлүк иш |
| **1-семетрдин жыйынтыгы** | **30** | **30** | |
| **2-семестр ТМУ** | | | |
| XXI кылымдагы эл аралык мамилелердин регионалдык тутумдарынын бөлүмдөрү (*) | 4 | 4 | XXI кылымдагы эл аралык мамилелердин регионалдык тутумдарынын бөлүмдөрү |
| Орусиянын учурдагы тышкы саясий стратегиясы жана эл аралык чыр-чатактар (*) | 3 | 2 | Азыркы чыр-чатактар жана XXI кылымда аларды жөнгө салуу жолдору |
| Англис тили (*) | 3 | 3 | Негизги чет тили |
| Глобалдуу коопсуздук (*) | 2 | 2 | Азыркы этаптагы глобалдуу коопсуздук |
| Орусия Федерациясынын тышкы саясатынын калыптанышы жана тышкы саясий жараяны (*) | 2 | 2 | Тышкы саясий ишмердүүлүктү моделдештирүү жана прогноздоо. |
| Дүйнөлүк тутумдун мамлекеттик эмес катышуучулары (*) | 2 | 2 | Көп тараптуу дипломатия |
| Дипломатиянын теориясы жана азыркы дипломатиялык тутум (*) | 2 | 3 | Дипломатиянын теориясы жана азыркы дипломатиялык тутум. |
| ЕАЭСтин Бажы биримдиги (*) | 4 | 4 | ЕАЭСтин Бажы биримдиги |
| ЕАЭСтин алкагында тармактык интеграция жана кооперация (*) | 3 | 3 | ЕАЭСтин алкагында тармактык интеграция жана кооперация |
| Чет тил боюнча факультатив (*) (***) | 3 | 3 | Экинчи чет тили |
| Илимий-изилдөө иши (*) | 5 | 2 | Илимий-изилдөө иши |
| **2-семестрдин жыйынтыгы** | **30 (***)** | **30** | |
| **3-семестр (КР ТИМ ДА)** | | | |
| Дипломаттын прогноздоп-талдоо ишмердүүлүгүндөгү маалыматтык технологиялар | 3 | 2 | Дипломаттын прогноздоп-талдоо ишмердүүлүгүндөгү маалыматтык технологиялар (**) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 0 | 2 | Негизги чет тили (++) |
| | 0 | 2 | Экинчи чет тили (++) |
| ЕАЭС өлкөсүнүн экономикасы жана ЕАЭСтин башка өлкөлөрү менен экономикалык байланыштар | 3 | 2 | Эл аралык саясий экономия:колдонмо аспектилери (**) |
| ЕАЭС өлкөсүнүн тышкы саясаты | 3 | 2 | Кыргызстандын тышкы саясий артыкчылыктары(**) |
| | 0 | 2 | Тематикалык чет тили (++) |
| | 0 | 2 | Иштиктүү кыргыз тили (++) |
| | 0 | 2 | Эл аралык мамилелерди жогорку мектепте окутуу методикасы (++) |
| Орусиянын ЕАЭС өлкөлөрү менен мамилеси | 3 | 2 | ОФ жана ЕАЭС өлкөлөрүнүн дипломатиялык протоколу: салыштырма талдоо (**) |
| Кытайдын Борбор Азиядагы саясаты жана «Жибек жолунун экономикалык тилкеси» | 3 | 2 | Кытайдын Борбор Азиядагы саясаты жана «Жибек жолунун экономикалык тилкеси» (**) |
| Өндүрүш-аналитикалык практика | 6 | 4 | Илимий-изилдөө практикасы (**) |
| Илимий-изилдөө иши | 9 | 6 | Илимий-изилдөө иши (**) |
| **3-семестрдин жыйынтыгы** | **30** | **30** | |
| **4-семестр (КР ТИМ ДА)** | | | |
| Илимий-педагогикалык практика | 6 | 6 | Илимий-педагогикалык практика(**) |
| Илимий-изилдөө иши | 12 | 4 | Илимий-изилдөө иши(**) |
| Магистердик диссертацияны даярдоо жана жактоо | 12 | 20 | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация (**) |
| **4-семестрдин жыйынтыгы** | **30** | **30** | |
| 2 жылдын жыйынтыгы | **120** | **120** | |

(*) Эгерде студент ТМУда ушул дисциплинаны ийгиликтүү өздөштүрсө, КР ТИМ ДАсындагы ушул сызыкта 4-катарда көрсөтүлгөн дисциплинаны өздөштүрүүдөн бошотулат.

(**) Эгерде студент КР ТИМ ДАсында ушул дисциплинаны ийгиликтүү өздөштүрсө, ТМУдагы ушул сызыкта 4-катарда көрсөтүлгөн дисциплинаны өздөштүрүүдөн бошотулат.

(+) КР ТИМ ДАсынын магистердик программасы үчүн кошумча дисциплина, аны өздөштүрүү ТМУнун дипломун алууга керек.

(++) ТМУнун магистердик программасы үчүн кошумча дисциплина, аны өздөштүрүү КР ТИМ ДАсынын дипломун алууга керек.

(***) «Чет тил боюнча факультатив» дисциплинасы факультативдүү болуп, ТМУда окуп жаткан учурда окуу нагрузканы санаганда эсепке алынбайт.


Кыргыз Республикасынын
Министрлигинин
Казы Дикамбаев атындагы
Дипломатиялык академиясы

Кыргыз Республикасы
720040, Бишкек ш.
Эркиндик пр., 36
тел. (996-312) 66-01-85
факс (996-312) 66-01-85

Окуу иштери боюнча
Проректор ____________ К.М.Осмоналиев

Бишкек ш., «30» ______ 2016-ж.

Федералдык мамлекеттик автономдуу
Тышкы иштер жогорку билим берүүчү
«Томск мамлекеттик улуттук изилдөө
университети» билим берүүчү мекемеси

Орусия Федерациясы
634050, Томск ш.
Ленин пр., 36
тел. (3822) 52-98-52
факс (3822) 52-95-85

Окуу иштери боюнча
Проректор ____________ В.В. Демин

Томск ш., «30» 08 2016-ж.

2-тиркеме

**Академиялык бааларды которуу шкаласы**

| КР ТИМ ДАсынын 100 баллдык баалоо шкаласы | ТМУнун сынактарды баалоо шкаласы | ТМУнун зачетторду баалоо шкаласы |
|---|---|---|
| 85-100 | Эщ жакшы | өттү |
| 70-84 | жакшы | |
| 55-69 | канааттанарлык | |
| 0-54 | канааттанарлык эмес | өткөн жок |

Кыргыз Республикасынын
Министрлигинин
Казы Дикамбаев атындагы
Дипломатиялык академиясы

Кыргыз Республикасы
720040, Бишкек ш.
Эркиндик пр., 36
тел. (996-312) 66-01-85
факс (996-312) 66-01-85

Окуу иштери боюнча
Проректор __________ К.М.Осмоналиев

Бишкек ш., «30» 06 2016 ж.

Федералдык мамлекеттик автономдуу
Тышкы иштер жогорку билим берүүчү
«Томск мамлекеттик улуттук изилдөө
университети» билим берүүчү мекемеси

Орусия Федерациясы
634050, Томск ш.
Ленин пр., 36
тел. (3822) 52-98-52
факс (3822) 52-95-85

Окуу иштери боюнча
Проректор __________ В.В. Демин

Томск ш., «30» 06 2016 ж.

С.М.-Юн